**«Транспорту иштетүү жана туруктуу технология кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы, кесиптик-өндүрүш мекемелеринин өкүлдөрү жана студентердин ата-энелеринин катышуусундагы өткөрүлгөн жыйындын**

## ПРОТОКОЛУ

Ош шаары 15.01.2024-жыл.

**Катышкандар:**

*Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан:*

Кафедра башчысы т.и.к.доцент Кадыркулов А. К., т.и. к. Жоробеков Б. А., ОшТУнун доценти Жакыпджанова В. С., магистр Алибаев К. К., ага окутуучулар Орозбаев К. А., Тажибаев Ж. К., Пакирдинов М. Р., окутуучу Сыдыков Н. А. жана кафедранын ага лаборанты Эргешова Чыныгул

*Кесиптик-өндүрүш мекемелеринин өкүлдөрү:*

«Кыргыз унаа курулуш» мекемесинин директору Топчубаев А. А., Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгынын башчысы Жолдошбаев Б.С., Ош ОИИБ боюнча ЖККК бөлүмүнүн ТИЖСжЛ бөлүмчөсүнүн башчысы Туркбаев А. Ж., Ош шаардык ИИБнун МККнын башчысынын орун басары Арзыбаев М. С., Ош шаардык муниципиалдык автоунаа ишканасынын ЖКК жана эксплуатация бөлүмүнүн башчысы Курбанов М. И., Ош шаардык муниципиалдык авто ишканасынын механиги Нуруев Б., "Жаны жол" автомектебинин директору Абдыжапаров А., Ош шаардык ИИБнун кайгуул кызматы бөлүмүнүн кесиптик даярдык тобунун инспектору Орозов М. С., "Ош автоучкомбинат" АК башчысы Апсатаров А. А.

*Ата-энелер:*

Мисирова Турсунай, Ботокозуев Абдыкадырбек, Раимжанов Талант, Абдылазизов Турдубай, Бурканова Тамара, Жумабаева Бактыгул, Раев Базарбай, Шамшиев Сейитбек, Саипов Шамирали, Бердикулов Кубаныч, Ойчиев Нурбек, Нурбаев Бактыбек, Мирзабадалов Жамал, Назирбаев Алмазбек.

Жалпы катышкандардын саны -35 киши

**Күн тартиби:**

**1. Келечеке иш билги мыкты адистерди биргеликте даярдоо.**

**Жыйынды "ТИжТТ" кафедрасынын башчысы Кадыркулов Адылбек Козубекович ачып саламдашуу менен төмөнкүлөргө токтолду:**

Урматуу жыйындын катышуучулары, өндүрүш мекемелеринин өкүлдөрү, биздин студенттердин ата-энелери биздин университетке куш келипсиздер. Бүгүнкү жыйыныбыздын негизги максаты Кыргызстандын келечегине автоунаа жана автоунааны иштетүү тармагына иш билги мыкты адистерди даярдоо зарылчылыгы өтө эле чоң. Себеби өлкөбүздөгү ички жана сырткы ташуулардын 90 % ашууну автоунаа тармагына туура келет.

Ошондуктан бүгүнкү күндүн талабы кыска аралыка жаны типтеги адистерди даярдоо учур талабы болуда. Мындан кафедра тарабынан эки баскычтуу (бакалавр, магистр) адистиктерге жаны окуу жумушчу программалар иштелип чыккан жана иштелип жатат. Жумушчу программалардын нускалары сиздердин алдыныздарга таркатылды, программадагы окуу дисциплинары менен таанышып чыксаныздар болот жана ой пикирлериниздер болсо айтсаныздар. Мурдакылардан бүгүнкү күндүн адистери коп түрдүү билимдин ээлери болуусу керек. Себеби өлкөбүздө автотранспорту эксплуатациялоодо, ташууларды уюштурууда акыркы информациялык техникаларды колдонуу жолго коюлууда. Автотранспорту эксплуатациясын уюштурууда жана информациялык техникалардын иштөө принцибин студентер түшүнүп өздөштүрүү үчүн окуу пландарында тийиштуу дисциплиналар киргизилген. Өндүрүш мекемелердин жетекчилери сиздер да кайсыл дисцилиналарга басым жасалып окутуу керек, практикалык сабактарды ишкана мекемелериниздс студентердин теориялык билимин бышыктоо үчүн өзүнүздөрдүн ой пикирлериниздн билдирет деген ойдомун.

Эми ата-энелерге кайрылсам, университеттин эле чөйрөсүндө билим тарбия берүү жетишсиз. Ошондуктан ата-энелер сиздер да уул-кыздарыныздардын татыктуу билим жана тарбия алуу үчүн өз салымыздарды кошуп үйдон аткарыла турган тапшырмаларды аткаруусун, алардын сабак катышуусун контролдоп берсениздер. Тилеке каршы студентердин мектептердеги базалык билимдери начар болууда. Келечеке олутуу максат койгондордун саны аз. Университетте азыркы күндө билим алууга толук шартар бар. Айта кетсем интернет байланышы бар компютердик класстар, лабораториялык базалар, чет тилдерин үйрөнүү үчүн тил борборлору, чет өлкөлөрдөн билимин улантууга да шарттар бар.

Бүгүнкү жыйындын негизги максаты уул-кыздарыбызга татыктуу тарбия, билим берип өлкөбүздүн келечегине кайдыгер болбогон адистерди даярдоодо бирелешип жумуш алып барсак. Көнул бурганыздарга чон рахмат.

**"ТИжТТ" кафедрасынын профессору Жоробеков Б.А.:**

Ооба жогоруда айтылгандай биргеликте иш алып баруу келечеке мыкты адистеди даярдоого чон шарт түзөт жана бүгүнкү күндүн талабы деп эсептейм. Ата-энелер сиздер балдарыныздар мектепте окуп жаткан да эле алардын билимине көнүл бурсаныздар, себеби кээ бир студентерибиздин базалык билими төмөн болуп жатат. Ошондуктан биздеги кээ бир предметерди өздоштүрүүдө аксап жатышат. Натыйжада базалык билими төмөн студентерге убакыт көп талап кылынып жатат. Бул жаата сиздерден жардам сурайбыз. Иш берүүчүлөр сиздер да окуу пландарынын иштемелерине активдуу катышып, студентердин окуу, өндүрүштүк диплом алдындагы практикаларды иш кана мекемелерде өтөгө шарт түзүп берсениздер. Сиздердин бул аракетинер бизге жардам болот.

**«Кыргыз унаа курулуш» ЖЧКнун директору Топчубаев А. А.:**

Мен «Кыргыз унаа курулуш» жоопкерчилиги чектелген коомунан бул жыйынга өкүл болуп келдим. Биздин «Кыргыз унаа курулуш» заводдунда

бүгүнкү күндө бир канча өндүрүш тармагы боюнча иш алып барылууда. Бизге өндүрүшүбүздүн ишин көтөрүүгө билимдүү инженердик адистерге муктажбыз. Биз сиздер менен ар тармактуу келишим түзүүгө ар дайым даярбыз. Студенттер сабактан тышкары убакта биздин өндүрүшүбүздүн материалдык техникалык базасы менен таанышып, алардын иштөө принциптерин биздин адистер менен бирге окуп үйрөнсө болот, ал үчүн биздин эшик ар дайым ачык.

**Ата-эне Мисирова Турсунай:**

Урматуу мугалимдер биринчиден мен сиздерге ыраазычылык билдирем. Биздин балдарга билим берип жатканыңыздарга. Биз бул чогулуш башталганга чейин университетин базасы менен таанышып чыктык, университетте билим алууга жакшы шартар түзүлүптүр. Окуу класстарында сабак өтүү үчүн электрондук доскалар, интернет байланышы бар компютерлер, окуу көргөзмө куралдары менен жабдылыптыр. Менин балам өз каалоосу жана кызыгуусу менен ушул автотранспорт багытына окуйм деп келген. Келечеке татыктуу адис кылып даярдап бересиздер деген үмүтөмүн.

**Ош автоучкомбинат" АК башчысы Апсатаров А. А.:**

Мен сиздердин "Транспорт процесстеринин технологиясы" багыты окуу планынар менен таанышып чыктым. Окуу планда "Правила и безопасность" сабагы боюнча көрсөтүлгөн саатардын практикасын көбүрөөк көңүл бурсаңыздар. Себеби азыркы жашоочунун экинчи кесиби айдоочу болуп калган. Ошондуктан айдоочулук күбөлүк алам деген жарандар өтө эле көп. Мен автомектептин директору катары айтсам биздин автомектепке курсантарга теориялык практикалык сабак берген ушул багыта билимдүү мугалимдер зарыл.Себеби азыркы айдоочуларыбыздын билими жоктугунан жол кырсыктарынын саны көп болуп жатат. Сиздерден татыктуу билим алган адис биздин автомектепте татыктуу иштей алат деген ойдомун.

**Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Ош аймактык башкармалыгынын башчысы Жолдошбаев Б.С.:**

Урматуу жыйындын катышуучулары. Мен өзгөчө ата-энелерге кайрылат элем, мен да ушул факультетти бүтүргөнмүн. Бул жерде билим беруу сапаты жакшы. Ошондуктан балдарыздарды үйдөн контролдоп турсаңыздар келечекте жакшы кесип ээси болгон адистер чыгат деген ойдомун.

**Ош ОИИБ боюнча ЖККК бөлүмүнүн ТИЖСжЛ бөлүмчөсүнүн башчысы Туркбаев А. Ж.:**

Урматуу жыйындын катышуучулары. Биздин өлкөдө азыркы күндө дээрлик бардык ташуулар автоунаа кызматынан колдонот. Биздин бөлүм ташуулардын коопсуздугун камсыздоо үчүн ташууну уюштуруучу мекемелерге жана автомектептерге лицензия берүү менен алектенет. Бизге да ушул тармакты жакшы түшүнүп билген адистер керек, ошондуктан биргеликте жумуш алып барып чогуу даярдасак. "Транспорт процесстеринин технологиясы" багытындагы адистиктин келечеги кең деп ойлоймун. Сиздердин кафедраңыздар менен биз ар тараптуу кызматашууга даярбыз.

**Ата-эне Шамшиев Сейитбек:**

Биз ата-энелер сиздерге колдон келген жардамыбызды беребиз. Сиздерден сураныч балдарыбызды, өз балдарыныздардай катуурак айтып тарбия берсениздер болот. Сиздерге чон рахмат! Ишиниздерге ийгиликтерди каалайм.

Жыйындын аягында айтылган ой-пикирлер талкууланып төмөндогүдөй токтом кабыл алынды:

1. Ата-энелер чогулушун ар семестрдин аягында өткөрүү.
2. Билим, тарбияны биргеликте берүүнү күчөтүү.
3. Окуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикалар жана практикалык сабактар ишкана мекемелерде өткөрүлсүн.

Токтом добушка коюлду, добуш берүүнүн жыйынтыгы:

"макул"-35 киши
"каршы"-жок
"калыс"-жок

Токтом кабыл алынды.

Жыйындын төрагасы:______________________Кадыркулов А. К.

Катчы:______________________________Эргешова Ч. М.